## 2017-жылдын I жарым жылдыгындагы Кыргыз Республикасындагы баалардын жана тарифтердин өзгөрүшү жөнүндө

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында (мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу) керектөө бааларынын өсүшү жалпы республика боюнча 2,8 пайызды түздү, ал эми 2016-жылдын I жарым жылдыгында алардын 1,8 пайызга төмөндөшү белгиленген. Мурунку жылдын тиешелүү мезгилинен айырмаланып керектөө бааларынын жогорулашы 2016-жылдын май жана июнунда байкалса, ү.ж. I жарым жылдыгында алар дайым жогорулоонун үстүндө болгон. Муну менен, ү.ж. I кварталында алардын эң көп интенсивдүү өсүүсү (2,1 пайызга) байкалган, ал эми ү.ж. II кварталында алардын өсүшү 0,7 пайызды түздү.

**1-график: Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын жана тарифтеринин индекстери**

*(мурунку айга карата пайыз менен)*




Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында республиканын бардык аймактарында керектөө бааларынын жана тарифтеринин жогорулашы белгиленди. Алардын эң көп өсүшү башка облустар менен салыштырмалуу Талас облусунда (5,9 пайыз) катталды, бул негизинен тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктарынын бааларынын (11,3 пайызга) олуттуу өсүүсү менен шартталды.

Муну менен, ү.ж. I кварталында тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга болгон баалардын өсүшү Талас облусунда болгону 3,9 пайызды, ал эми ү.ж. II кварталында - 7,0 пайызды түзгөн. Үстүбүздөгү жылдын январь-июнунда алкоголдук ичимдиктердин жана тамекинин баалары олуттуу даражада Нарын облусунда (8,9 пайызга), азык-түлүк эмес товарлар - Ош облусунда (3,6 пайызга) көтөрүлдү. Калкка көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтери башка облустар менен салыштырмалуу эң көп Бишкек ш. (5,1 пайызга) кымбаттады.

**2-график: 2017-жылдын I жарым жылдыгында керектөө бааларынын аймактар боюнча өзгөрүшү**

(*пайыз менен; өсүшү +, төмөндөшү -*)




Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары жалпы республика боюнча 5,2 пайызга көтөрүлдү (2016-жылдын январь-июнунда тескерисинче, алардын 4,9 пайызга төмөндөшү байкалган). Ошол эле учурда, тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын өсүшү ү.ж. II кварталынан, ү.ж. I кварталында алардын темпи 1,6 пайыздык пунктка ашты.

Белгилей кетсек, мурунку жылдардан айырмаланып, тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын өсүшү нан азыктары жана акшакка болгон баалар менен шартталган, анткени алардын үлүшүнө азык түлүк товарларынын үй тиричилиги үчүн керектөө чыгымдарынын 39 пайызы таасир этет, үстүбүздөгү жылдын баа динамикасынын өзгөрүүсүнө жемиш жана жашылчалардын баалары таасир тийгизген.

Үстүбүздөгү жылдын январь-июнунда “Нан азыктары жана акшак” тобуна тиешелүү товарлардын баалары жалпы республика боюнча 0,6 пайызга төмөндөгөн. Муну менен, аймактык бөлүктө ушул топко тиешелүү товарлардын бааларынын жогорулашы Ош облусунда (2,2 пайызга), Талас (0,7 пайызга) жана Жалал-Абад (0,6 пайызга) облустарында катталды. Ошол эле убакта, жалпы республика боюнча баалар бышырылган азыктарга 4,0 пайызга, кургатылган нанга - 1,1 пайызга, манка акшагына - 0,7 пайызга, узун дандуу күрүчкө - 0,4 пайызга, жогорку сорттогу унга - 0,3 пайызга жана биринчи сорттогу буудай унунан жасалган нанга - 0,3 пайызга жогорулады.

Муну менен катар, үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында жалпы республика боюнча жемиш жана жашылчалардын баалары 38,8 пайызга көтөрүлдү. Муну менен, ү.ж. башынан бери жаңы бышкан жемиштердин баалары 7,6 пайызга жогорулады. Үстүбүздөгү жылдын июнунда мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу, алманын баасы үчтөн бирге, лимондуку - 15,0 пайызга көтөрүлдү, апельсиндики (17,8 пайызга), кургатылган жемиштин жана жаңгактардын (2,0 пайызга) баалары төмөндөдү. Жаңы бышкан жемиштердин бааларынын 24,4

пайызды түзгөн максималдуу өсүшү Талас облусунда, ал эми минималдуу (2,4 пайыз) - Бишкек ш. катталды.

Үстүбүздөгү жылдын июнуда жаңы бышкан жашылчалардын баалары 2016-жылдын декабрынын деңгээлинен 16,4 пайызга ашты (2016-жылдын I жарым жылдыгында алардын чейректен ашыгыраак төмөндөшү белгиленди). Муну менен, ү.ж. I кварталында жаңы бышкан жашылчалардын бааларынын өсүшү 30,0 пайызды түзгөн, ал эми, ү.ж. II кварталында аларга болгон баалар 10,4 пайызга төмөндөгөн (ү.ж. апрелинде жаңы бышкан жашылчалардын баалары мурунку айга салыштырмалуу - 3,5 пайызга дагы жогорулагандыгы байкалган). Үстүбүздөгү жылдын башынан бери жаңы бышкан жашылчалар Баткен облусунда эң көп (35,3 пайызга), Бишкек ш. эң аз (10,2 пайызга) кымбаттаган.

**1-таблица: Кыргыз Республикасындагы жашылча-жемиш азыктарынын айрым түрлөрүнүн орточо керектөө баалары жана алардын өзгөрүшү**

*(бир килограмм үчүн сом менен)*

| | 2016ж. июнь | 2016ж. декабрь | 2017ж. июнь | 2017 июнунун КБИ % менен 2016 декабрына карата |
|---|---|---|---|---|
| Алма | 74,48 | 57,85 | 77,69 | 133,7 |
| Капуста | 17,51 | 22,21 | 44,50 | 211,1 |
| Баш пияз | 15,80 | 16,34 | 29,16 | 178,4 |
| Сабиз | 24,07 | 20,32 | 31,19 | 158,8 |
| Бадыраң | 53,54 | 119,81 | 23,91 | 19,9 |
| Помидор | 72,88 | 117,56 | 65,84 | 55,1 |
| Буурчак | 88,17 | 89,78 | 94,19 | 104,5 |
| Чеснок | 229,94 | 233,98 | 192,41 | 88,3 |
| Кургатылган өрүк | 372,46 | 300,97 | 275,73 | 96,4 |

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери картошканын баасы өзгөрүүсүз жогорулаган (муну менен, баалардын жогорулашы өткөн жылдын ноябрында башталган) жана ү.ж. I жарым жылдыгында жалпысынан алар республика боюнча 2,1 эсеге көтөрүлгөн. Картошканын баасынын олуттуу өсүшү мартта 21,1 пайызга жана майда - 23,2 пайызга мурунку айга салыштырмалуу байкалган. Өткөн жылдын майында дагы, картошкага болгон баанын жогорулашы 27,1 пайызга жана 2016-ж. июнунда 1,6 эсе белгиленген, бул негизинен картошканын баасына болгон жаңы түшүмдүн байкоого алынышы менен шартталган. Үстүбүздөгү жылдын июнунда картошканын баасынын өсүшү (жаңы түшүмдүн эсебинен) 11,4 пайызды (мурунку айга салыштырмалуу) түздү. 2016-жылдын декабрында картошканын орточо керектөө баасы жалпы республика боюнча килограмм үчүн 23,02 сомду, ү.ж. мартында - 30,95 сомду, ү.ж. июнунда килограмм үчүн - 44,92 сомду түзгөн.

Үстүбүздөгү жылдын январь-июнунда жаңы союлган эттин баалары 3,6 пайызга көтөрүлдү (муну менен, I кварталда алардын өсүшү 1,6 пайызды, ү.ж. II кварталында 2,0 пайызды түзгөн).

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери уй этинин баасы республика боюнча 2,9 пайызга, жылкынын эти - 5,2 пайызга жана койдун эти - 8,8 пайызга жогорулаган. Үстүбүздөгү жылдын июнунда өткөн жылдын декабрына салыштырмалуу эттин баардык түрлөрүнүн бааларынын максималдуу өсүшү Нарын облусунда катталды: койдун эти - 22,8 пайызга, уйдун эти - 14,3 пайызга жана жылкынын эти - 13,6 пайызга. Ошол эле убакта, уй этинин баасынын төмөндөшү Бишкек ш. (0,1 пайызга), жылкынын эти - Чүй облусунда (2,7 пайызга) белгиленген.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында колбаса азыктарынын баалары жалпысынан 2,7 пайызга, демдеп бышырылган, консерваланган уйдун этинин баасы - 2,6 пайызга жогорулады.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында жалпы республика боюнча сүт жана сүт продуктуларынын баалары 7,3 пайызга (анын ичинде куюп сатылуучу сүткө - 14,4 пайыз), тооктун жумурткасы - 9,5 пайызга төмөндөдү. Муну менен, ү.ж. июнунда жумурткага болгон баалар 2016-жылдын декабрынын деңгээлинен Баткен облусунда 3,2 пайызга жана Ош облусунда - 5,3 пайызга ашты. Үстүбүздөгү жылдын июнунда жалпы республика боюнча орточо керектөө баалар жумуртканын он даанасына 69,05 сомду, ал эми 2016-жылдын декабрында - 77,52 сомду; куюп сатылуучу сүттүн орточо баасы июнда - литр үчүн 30,66 сомду, 2016-жылдын декабрында - 36,71 сомду түзгөн. Үстүбүздөгү жылдын башынан бери сырлар 1,5 пайызга кымбаттады.

Үстүбүздөгү жыл ичинде өсүмдүк майларынын баалары өзгөрүүсүз ылдыйлаган жана ү.ж. июнунда мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу алардын төмөндөшү 3,7 пайызды түздү. Муну менен, пахта майынын баасы - 2,6 пайызга, күн карама майы - 4,7 пайызга төмөндөгөн. Үстүбүздөгү жылдын башынан бери күн карама майынын баасынын жогорулашы Талас облусунда (0,2 пайызга) белгиленген.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында республика боюнча кумшекердин баасы 3,7 пайызга жогорулады, муну менен, алардын төмөндөшү ү.ж. февралында (бир пайызга), мартында (1,4 пайызга) жана ү.ж. майында (1,4 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) байкалды. Үстүбүздөгү жылдын башынан бери республиканын бардык аймактарында кумшекерге болгон баалар жогорулады, Ысык-Көл облусун (1,7 пайызга баанын төмөндөшү) жана Ош ш. (1,2 пайызга баанын төмөндөшү) кошпогондо. Муну менен, алардын максималдуу өсүшү Чүй облусунда (9,0 пайыз) катталды. Бирок, ү.ж. июнунда кумшекерге болгон максималдуу орточо керектөө баалар (1 килограмм үчүн 60 сом) Ноокат жана Кербен шаарларында, ал эми минималдуу (1 килограмм үчүн 52,76 сом) - Балыкчы ш. катталды.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында жалпы республика боюнча *алкоголдук ичимдиктердин* баалары 4,0 пайызга төмөндөдү (2016-жылдын январь-июнунда алар, тескерисинче 1,3 пайызга жогорулаган). Муну менен, алкоголдук ичимдиктердин бааларынын өсүшү Нарын облусунда (8,2 пайызга), Чүй (2,4 пайызга) жана Талас (0,3 пайызга) облустарында катталды.

2013-жылдын ноябрынан баштап *тамекилердин* баалары стабилдүү түрдө жогорулаган. Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында жалпы республика боюнча аларга болгон баалар 14,7 пайызга (2016-жылдын I жарым жылдыгында - 6,2 пайызга) көтөрүлгөн.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында жалпы республика боюнча *азык түлүк эмес товарлардын* баалары 0,6 пайызга төмөндөдү. Ошол эле убакта, аларга болгон баанын жогорулашы Талас (1,1 пайызга), Нарын (2,1 пайызга), Ош (3,6 пайызга) облустарында жана Ош ш. (3,4 пайызга) катталды.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында жаратылыш газына - 3,8 пайызга, ири турмуш тиричилик приборлоруна - 4,1 пайызга, майда аспаптар жана ар түрдүү жабдууларга - 5,8 пайызга, полго төшөлчү килем жана каптагычтарга - 6,3 пайызга (анын ичинде линолеум - 12,8 пайызга), электр лампочкасына - 7,1 пайызга жана катуу отунга - 7,9 пайызга баалар жана тарифтер олуттуу төмөндөдү.

Муну менен катар, ү.ж. башынан бери баалардын жогорулашы сааттарга (7,7 пайызга), телевизорго (5,6 пайызга), эс алуу үчүн товарлар жана жабдууларга (5,0 пайызга), күйүүчү-майлоочу материалга (3,8 пайызга), айнек буюмдарына, ашканалык приборлор жана үйдүн ичиндеги нерселерге (3,6 пайызга), кийимди тигүү үчүн материалдарга (3,5 пайызга) белгиленди. Ошондой эле ү.ж. январь-июнунда баалар бут кийимге - 2,3 пайызга, фармацевтика продукциясына - 2,0 пайызга, турак жайларды күнүмдүк күтүү жана ондоо үчүн материалдарга - 2,0 пайызга, гезиттер жана мезгилдүү басылмаларга - 1,3 пайызга, эмерек жана турмуш тиричилик буюмдарына - 0,8 пайызга жогорулады.

**3-график: I жарым жылдыкта товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын жана тарифтеринин негизги топтор боюнча индекстери**

*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында жалпы республика боюнча *кызмат көрсөтүүлөрдүн* тарифтери 3,8 пайызга жогорулады, муну менен, ү.ж I-кварталында алардын өсүшү 2,6 пайызды, ү.ж II-кварталында - 1,2 пайызды түзгөн.

Кызмат көрсөтүүлөргө болгон тарифтердин жогорулашы республиканын бардык аймактарында байкалды. Кызмат көрсөтүүлөргө болгон тарифтердин эң жогорку өсүшү Ош облусунда (4,1 пайызга) жана Бишкек ш. (5,1 пайызга), ал эми минималдуу - Ош ш. (1,4 пайызга) катталды.

Үстүбүздөгү жылдын январь-июнунда тарифтер эң жогорку даражада аба жүргүнчү транспортунун кызмат көрсөтүүсүндө төрттөн биринен көп, уюлдук байланышта - 11,7 пайызга, турак жайларды күнүмдүк күтүү жана ондоодо - 4,8 пайызга, маданий иш-чараларды уюштурууда - 4,7 пайызга, бут кийим ондоодо - 4,5 пайызга, коомдук тамактанууда - 4,5 пайызга, кийим тигүүдө - 4,4 пайызга, чачтарач кызмат көрсөтүүсүндө - 4,0 пайызга жогорулады.

Муну менен бирге, ү.ж. башынан бери тарифтердин төмөндөшү автомобиль жолдорунун (0,5 пайызга) жана темир жол (2,9 пайызга) жүргүнчү транспортунда,

мейманканалык тейлөөдө (3,3 пайызга), жеке транспорт каражаттарын техникалык тейлөө жана оңдоодо (0,8 пайызга) байкалды.

Баалардын статистикасы бөлүмү